УДК 633.491

КАРТОШКАНЫ МҮШӨКТӨРДӨ ӨСТҮРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Б.Ж. Жээнбекова
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
Жалал-Абад ш, Кыргызстан

Макалада картошканы мүшөктөрдө өстүрүү технологиясы талкууланат, калктын экологиялык жактан таза, экономикалык жактан кире келтире турган азыктарды өндүрүүсү аныкталат.

Урунту сөздөр: агротехнологоия, фермер, органика, дренаж, баштык, киреше, сырье.

Жер үстүндөгү жашоо-тиричиликтин негизги заттарынын бири бул өсүмдүк. Өсүмдүктөр тиричиликке берген азык заты, тамак – аш, мал үчүн тоют, өнөр – жайында керектелүүчү сырье, ар кандай оорулардын алдын алуучу дары дармек болуп саналат.

Кийинки жылдары маданий өсүмдүктөрдү технологиялык жол менен өсүрүү жана алардын негизинде даярдалган азык заттарга кызыгуу арбын. Кызыгунун себеби жасалма кошумча химикттар берилбей, элдик биологиялык ыкмаларды колдонуу менен таза азыктарды алуу дыйкандардын талабы болуп келет. Себеби, биологиялык ыкмалар менен маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү организмге жеңил таасир көрсөтүүчү биологиялык активдүү заттардын болушу. Биз сөз кылып жаткан маданий өсүмдүктөрдүн бири бул картошканы мүшөктөрдө өстүрүү технологиясын үйрөнүү.

Биздин илимий изилдөө ишибиздин максаты: Ит жүзүмдөр уруусуна кирген картошканы мүшөктөрдө өстүрүү технологиясын үйрөнүү болуп саналат.

Азыркы убакта калк өсүмдүктөрдү мүшөктөрдө өстүрүү технологиясын жакшы өздөштүрүп, маданий жана декоративдик өсүмдүктөрдү өстүрүп экологиялык жактан таза азык-зат жана киреше алып келери баарыбызга белгилүү. Айта кетсек айыл чарбада дыйкандардын картошканы мүшөктөрдө өстүрүү боюнча көп көңүл бурулууда. [1].

Картошка ит жүзүмдөр уруусуна кирген бир жылдык мелүүн климаттык аймактарында өсүүчү өсүмдүк. Анын азыктык кубаттуулугу эң эле күчтүү келип, элдер үчүн эң негизги азык болуп саналат. Картошканын курамында белок менен буланын өлчөмү аз болгону менен, ал темирге, кальций жана башка витаминдерге жана минералдарга өтө бай келет. [2].

Картошканы мүшөктөрдө өстүрүүнүн технологиясын үйрөнүүдө эмнеге көңүл буруу керек: картошканы тигүүдөн мурда аны алгач жылуулукка чыгарып, “уйкудан ойготуп” алуу керек. Күн жылый баштаганда картошканы сыртка алып чыгып койсок, картошка “ойгонот” да өнө баштайт мүшөктөгү топуракка тиккенде өсүүсүн тездетет. О.э. сырты жашыл тартып калган катошкада уу зат пайда болуп, ар кандай зыянкеч курттардан жана чычкандардан өзүн өзү сактайт. [4].

Картошканы тигүүгө даярдоо: Мында үрөндүк картошканын тигүүгө даярдоодо картошканын көлөмү 50-150 граммдык болушу керек. Көлөмү чоң картошка 50 граммдан 70 граммга чейин болсо аны кесип, эки бөлүп тигилет. Чоң картошкалар мүшөктөргө көп кеткендиктен аны кесип, бир канча бөлүккө бөлүп үнөмдөөгө болот. Кесүү ишинде картошканы сабак өсүүчү көлөмүнө карап туура бөлүү зарыл. Картошка баш жагы жана киндик жагы деп бөлүнөт. Кесилген бөлүктө 3-4 төн көзчө болууга тийиш. Бирок кесүү картошканын түшүмдүүлүгүн төмөндөшүнө алып келет. Ошол себептен бүтүн эгүү жакшы жыйынтык берет. Ал эми 50-65 граммдык салмактагы картошкалар бүтүн эгилет. [1].

Картошканы өстүрүү үчүн, мүшөктөр ун же шекер салынган мүшөктөр же аба өткөрүүчү баштыктар колдонулат (1-сүрөт). Мүшөктөр атайын жарык жерлерге орнотулуп, туруктуулукту камсыз кылуу үчүн, алар жерге көмүлүп же таянычтар (темирлер, кыш) менен бекемделет. Мүшөктөгү топурак борпоң болуу.

1- сүрөт. Картошканы мүшөктөрдө өстүрүүнүн технологиясы

керек, анткени борпоң топурак картошканын тамырларынын топуракка терең өсүшүнө шарт түзөт. Катуу, тапталган топурак картошканы өстүрүүгө

жарабайт. Мындай топурак колдонсо көбүрөөк органикалык заттарды пайдаланууга туура келет. Борпоң кумдуу жерден алынган топуракка картошканын оңой өсүүсүнө шарт түзөт, бирок топурак өтө эле кумдуу келсе, анда көбүрөөк жер семирткич талап кылат. Себеби, мындай мүшөктөгү топурак сууну тез сиңирип алат. Ал эми суука үшүбөс үчүн эгүү маалын аныктап алуу керек. Жогоруда айтылгандай үрөн картошкасын олтургузуу үчүн мүшөктөгү топурактын температурасы жок дегенде 60^0С же андан да жогорураак болуш керек. Картошканы мүшөккө отургузууда, үрөн 5-10 см терендикте көмүлө тургандай отургузуу талап кылынат. Бир мүшөктөгү үрөн картошкалардын аралыгы 20 см, аралыкта болуу керек. Мүшөктөң картошканын жалбырагы өсүп чыкканга чейин сугарбоо талап кылынат. Көп сугаруу, картошканын үрөндөрүнүн чирип кетишине алып келиши мүмкүн. Картошка отургузулган мүшөктөрдө дренаждык болуу керек тешиктер жок болсо дренаждык тешиктерди жасоо керек (2-сүрөт). Бул ыкма мүшөктө суу токтоп калбашы үчүн колдонулат.

Жер семирткичтерди колдонуу: жер семирткичтер химиялык жана биологиялык ыкма менен колдонулат. Эгерде химикаты жок таза азык алам десе биологиялык ыкманы колдонуу жакшы натыйжа.

2-сүрөт. Мүшөктөргө дренаждык тешиктерди жасоо

берет. Малдын кыгын колдонуу усулу. Малдын кыгын сууга жибитип, суюк түрүндө мүшөктөгү картошкага пайдаланабыз. Малдын кыгынын курамында картошка өсүмдүгүнө эң керектүү азот, фосфор жана калий бар.

Отоо чөптөрдөн күрөшүүдө мүшөктө өсүп келе жаткан отоо чөптөрдөн тазалап, туруу керек. Себеби, картошканын түшүмдүүлүгүн төмөндөтөт.[4]

Түптөө бул өсүмдүктүн сабактары жана жалбырактарынын айланасына топуракты топтоо. Бул усулду картошка өсүп жаткан мезгилде эки жолу жасоо керек. Биринчи түптөө өсүмдүк жер үстүнө чыкканда жүргүзүлөт, ал эми экинчи түптөө картошка гүлдөгөндө жүргүзүлөт. Мисалы,түптөөнүн үч себеби бар:

өсүмдүктөрдү отургузгандан кийин отоо чөптөрдү жок кылуу

максатында түптөө;

жемиш тамырларынын өнүгүүсү үчүн жетиштүү топуракты камсыз кылуу жана күндөн сактоо. Күн нурунда калган жемиш тамырлары жашыл болуп, уу заттардын пайда болушуна жол бербөө максатында түптөө;

эгерде картошка жемиши топурак менен жакшы жабылса, күбөнүн личинкаларынан сактоо максатында түптөө жүргүзүлөт.

Зыянкечтерден жана оорулардан сактоо ыкмалары. Баштыктарга салып өстүргөндө, картошка ар кандай зыянкечтерге жана илдеттерге ачык жерде өскөндөй сезимтал эмес. Бирок айрым эрежелерди сактоо сунуш кылынат:

картошканы мүшөктөргө отургузуудан мурун калемпир, помидор, тамеки же картошка зынян кечтери менен ооруган өсүмдүктөрдүн топурактарын албоо керек;

ашыкча сугаруу сунуш кылынбайт себеби, тамырдын чиришин шарттаган бир катар козу карындык ооруларга алып келиши мүмкүн;

бадалдардын жанына орнотулган мүшөктөр үчүн бадалдарды

илдеттерге жана зыянкечтерге каршы текшерип туруу керек. Жогорудагы эрежелерди так аткарбаса картошканын түшүмдүүлүгү жана сапаты төмөндөшү мүмкүн. [3].

Картошканы жыйноо ыкмасы. Жакшы түшүм алуу үчүн, картошканын жалбырактары соолуп калгандан кийин, эки жума өткөн мезгилде мүшөктөрдөн бошотуп алуу керек (3-сүрөт). Картошканы биологиялык ыкмаларды колдонуп караса, бир мүшөктөн башкача айтканда бир түп картошкадан 1-1,5 же 1,5-2 кг чейин түшүм берет. Картошканы сактоодо караңгы, температурасы 150^0С-180^0С дан жогору болбогон, жана нымдуулугу 85 пайыздан ашпаган жерде 10 күндөй сактоо керек. Андан кийин 40^0С-70^0Сга чейин, жогорку нымдуулугу бар жерге котору керек. Эгерде картошканы кышка сактай турган болсо сунуш кылынат.

Картошканы мүшөктөргө өстүрүү технологиясын көбүнчө жер тилкеси жок же шаарда жашоочу тургундарга сунушталат. [4]

3-сүрөт. Мүшөктөгү картошкаларды жыйноо ыкмасы.

Азыркы убактарды жер тилкеси жок же шаарда жашоочу тургандарда маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө кызыгуу арбын. Бирок киреше ала турган маданий өсүдүктөрдү өстүрү актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Ошондуктан биз өстүрүп жаткан өсүмдүк канчалык даражада киреше берерине көбүрөөк көңүл буруу керек. Себеби, экологиялык жактан таза азыктарды өндүрүү менен калктын саламаттыгын сактоого ошондой эле экономиканын өсүшүнө жана өз үй-бүлөсүн табигый азыктар менен камсыз кылууга салым кошот.

Адабияттар

1. Верещагин, Н. Н. Высокие урожаи невозможны без внедрения новых технологий / Н. Н. Верещагин // Агробизнес – Россия. – 2006.
2. Азьмука Т.И. Ресурсы климата Природные ресурсы Томской области. - Новосибирск: Наука, 1991.
3. Глез, В. М. Биологизированная система защиты картофеля / В. М. Глез, В. И. Седова // Картофель и овощи. – 2006.
4. https://kartofan.org/texnologiya-vyrashhivaniya-kartoshki-v-meshke.html